*Класстык саат:*

**ТЕМА: “ЖАРАТЫЛЫШТЫ САКТАЙЛЫ”**

**(4- класстар үчүн)**

*“Жер байлыгы – эл байлыгы”*

*«Жаратылыш математиканын тили менен сүйлөйт, бул тилдин тамгалары – тегеректер, үч бурчтуктар жана башка математикалык фигуралар» (Г.Галилей)*



**Сабактын алтын эрежелери:**

- **Кечикпей келүү;**
- **Кол көтөрүп жооп берүү;**
- **Башка бирөөнүн оюн бөлбө;**
- **Өз оюн айтууда адабий тилдин нормасында туура сүйлөө;**
- **Убакытты туура пайдалануу;**
- **Бирин-бири угуу;**
- **Сабакка көңүл буруу;**
- **Бир-бирин сыйлоо.**

**Сабактын максаттары:**

| *Сабактын максаттары* | | |
|---|---|---|
| | *Мугалим* | *Окуучу* |
| ***Билим берүүчүлүк*** | Балдарды жаратылыш жөнүндөгү билимдерин кеңейтүү жана тереңдетүү;<br>Окуучуларга табиятка болгон сүйүүсүн ойготуу жана ата журту менен сыймыктанууга тарбиялоо;<br>Окуучуларга өлкөбүздөгү экологиялык маселелер, табият, жаратылыш тууралуу кеңири маалымат берүү;<br>Балдардын жаратылыш жөнүндөгү билимдерин кеңейтүү жана тереңдетүү;<br>Окуучуларга өлкөбүздөгү экологиялык маселелер, табият, жаратылыш тууралуу кеңири маалымат берүү; | Балдарды жаратылыш жөнүндөгү түшүнүктөрү тереңдейт;<br>Окуучулар жаратылышты сактоо жөнүндөгү түшүнүктөргө ээ болушат;<br>Окуучулардын табият тууралуу түшүнүктөрү кеңеет. |
| ***Өнүктүрүүчүлүк*** | – Балдардын жаратылыш жөнүндөгү билимдерин кеңейтүү жана терендетүү;<br>Табиятка болгон сүйүүсүн ойготуу, аяр мамиле жасоого багыт берүү, ата мурастарын сактоо зарылдыгын туюндуруу;<br>Жаратылышты чагылдырган ырлар аркылуу окуучулардын аң-сезимин ойготуу; | Окуучулардын жаратылыш жөнүндөгү түшүнүктөрү тереңдейт. |
| ***Тарбиялык*** | Табияттын кубулуштарына кызыгып байкоо жүргүзүүгө тарбиялоо.<br>Окуучуларды эмгекчилдикке, кең пейилдикке, табиятты сүйүүгө ж.б. асыл сапаттарга тарбиялоо. | Алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө тарбияланат.<br>Окуучулар жаратылышты коргоого, аяр сактоого тарбияланышат. |

**Көрсөткүчтөр:** Сабак максатына жеткен болуп эсептелет, эгерде:

1. Окуучулардын жаратылыш баалулугу жөнүндөгү түшүнүктөрү тереңдесе;
2. Окуучулар жаратылыш кооздугун сезе билүүгө, баалай билүүгө үйрөнүшсө;
3. Өз өлкөсүнүн келечекте өнүгүшү үчүн Мекенине өзүнүн салым кошуусу зарыл экенин сезишсе.

**Баалуулуктарды сиңирүү.** Кыргыз элинин илгертен жаратылышка болгон мамилеси тууралуу балдар түшүнүктөрүнө ээ болушат; туулган жеринин жаратылышын, байлыктарын сактоого умтулушат; жаратылышта бардык жандыктарга боорукер болууга тарбияланышат; туулуп-өскөн жерине болгон сүйүү калыптандырылат.

4. ***Класстык сааттын тиби:*** Жаңы билимдерди үйрөтүү сабагы.
5. ***Класстык саатты өтүү методу:*** Интерактивдик сабагы.
6. ***Уюштуруу формасы:*** Индивидуалдык, фронталдык.

***Класстык сааттын жабдылышы жана көрсөтмөлүүлүгү:*** Айлана-чөйрөнү, табиятты, жаныбарларды коргоо, **"Табият менен таттуу мамиледе болуу**" балдар сүрөт

композициясы, интерактивдүү доска, макалдар. **Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.

7. **Сабактын формасы:** аралаш сабак.
8. **Сабактагы предмет аралык байланыш:** география, мекен таануу.
9. **Колдонулуучу методдор:** түшүндүрүү, практикалык.

**Сабактын жабдылышы:** сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайд, музыка.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**
Окуучулар мугалимдин жардамы менен күнүгө жаратылышка аяр мамиле кылуу түшүнүгүнө ээ болушат.



**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу** (класста жагымдуу жагдай түзүү).

- Балдар, бүгүнкү “Жаратылышты сактайлы” аттуу класстык саатта жаратылышка аяр

мамиле кылуу дегенди кандай түшүнөсүңөр?

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |

Балдар 1,2 мамычаны толтурушат.

**Сабактагы негизги иш-аракеттер:**

- Кыргызстандын табияты, сулуулугу тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.

- “Токой мектеп эмес, ар кимге үйрөтө турган”, “Токойду көп – кыйба, токойго – кам көр, токой жок болсо – отургуз”, “Жер байлыгы – эл байлыгы” тууралуу макалдардын маанисин чечмелөө.

**Сабактын негизги идеясы:** Табиятты сүйүү, билим жана тарбия, ынтымак, окуудагы ийгилик, чың ден соолук Кыргызстандын гүлдөп өсүшүнө кошкон салым болуш керектигин окуучуларга түшүндүрүү.

**I. Сабактын жүрүшү:**

Уюштуруу: Саламатсыңарбы, балдар? Маанайыңар жакшыбы? Тарбиялык сабакка жакшы даярданып келдикпи?

**Жаңы теманы баяндоо:** Бүгүнкү темабыз “Жаратылышты сактайлы!” деген тарбиялык саат өтөбүз.

- Кана балдар табият жана аны курчап турган чөйрө менен таанышуубузду

баштайлы.

**ЖАРАТЫЛЫШ ДЕГЕН ЭМНЕ?**

**Мугалим:** Балдар айланабызга көз чаптырып көрөлүчү. Силер эмнени көрүп жатасыңар?

**1-окуучу:** асманды, өсүмдүктөрдү, күндү, булутту, жерди.

**Мугалим:** Демек ушунун баары жаратылыш. Бизди курчап турган дүйнө. Жандуу, жансыз жаратылышка эмне кирет? Кана ойлонуп туруп айткылачы

**2-окуучу**: Суу, таш, күн, асман, жаан, булут – булар жансыз жаратылыш.

**3-окуучу:** адам, өсүмдүктөр, жаныбарлар, канаттуулар да, жыландар, ташбакалар, бакалар, курт-кумурскалар – булар жандуу жаратылыш.

**Мугалим:** Азаматсыңар, туура айттыңар. Табият биздин эң жакын досубуз. Ал биздин жашоо тиричилигибизге керектүү көп нерселерди берет. Ошол себептен адамдар жаратылышты коргошот, анын байлыктарын арттыруу максатында көп эмгектенишет.

Жаратылыш биздин эң жакын досубуз. Ал биздин жашоо тиричилигибизге керектүү көп нерселерди берет. Ошол себептен адамдар жаратылышты коргошот, анын байлыктарын арттыруу максатында көп эмгектенишет.

Анан дагы балдар, абасы таза, жаратылышы кооз жерлерден таланттар көп чыгат дешет. Шаркырап аккан тунук суу, суу түбүндөгү ар кандай балыктар, ар бир дабышты улап жаңырган аска жана ал асканын күчүнө моюн бербей тең ортосун жарып чыккан арча, карагайлар адамдын жан дүйнөсүн кызытып талантына талант кошот. Айта берсе сөз түгөнгүс болгон жаратылыш кооздугун жүрөгү назик адам сезе билет, суктана билет. Айлана-чөйрөсүн аярлап карап, ар бир нерсенин ийне жибине чейин кылдат баамдаган адам гана жаратылыштын ушул кереметин, сулуулугун жан дүйнөсү менен жүрөгүнө жакын кабыл алат.

Биз дайыма эле табияттын сырларын, кооздугун байкай бербейбиз. Биздин өлкөдө жоголуп кетүү коркунучунда турган өсүмдүктөр, жаныбарларды коргоо максатында «Кызыл китеп» басылып чыккан. Аларды өз убагында коргоп калбасак, жаратылыш өз кооздугунан айрылат.

- Кана балдар мындай суроолорго жооп бергилечи:
- Жаратылыш жашап, өлбөш үчүн ага кандай мамиле кылуу керек?

**Жооптор:** Таштанды таштабагыла, от жакпагыла, бутактарды жана дарактарды сындырбагыла, суу объектилерине таштанды таштабагыла, салмоор менен жаныбарларды жана канаттууларды өлтүрбөгүлө.

- Жаратылышты жакшыраак коргоо үчүн эмне кылуу керек?

**Жооптор:**

- Кышында канаттууларга жем бер, таштанды ыргытпа, жаныбарларга, канаттууларга тийбе...

Балдар үчүн эрежелер:

1. Жашыл бутактарды жана бактарды сындырбагыла;
2. Кумурсканын уюгун жана канаттуулардын уяларын жок кылбагыла;
3. Токойду оттон сактагыла;
4. Таштандыларды токойго калтырбагыла;
5. Кызыл китепке кирген гүлдөрдү, өсүмдүктөрдү үзбөгүлө!

"Жаратылыш жалгыз эч жерде жок китеп – анын ар бир барагы мазмунга толтура" (Гёте)



Убакыттын тездиги таңгалдырат! Жаңы миң жылдык башталды! Адам өзүн бактылуу деп эсептесе керек, өзү менен сыймыктанса керек. Анткени, ал океанды, абаны, жерди багындырды. Техника, искусство, билим берүү тармагында чоң жетишкендиктерге жетишти. Бирок ..., тилекке каршы, көп адамдар жаңылышып ката кетиришти.

Азыркы чоң көйгөйүбүз экологиябызды сактай албай жатабыз. Анткени, адам өзү табияттын бир бөлүгү болуп саналган менен жаратылышка жана анын берген нерселерине кайдыгер мамиле кылып жатат. Жаратылыш жашоо үчүн баарын берет, болгону адамзаты баарын туура колдонгонду үйрөнө албай жатат.

Бак – дарактар жөнү жок кыркылып, отун кылуу максатында же курулуш иштерине пайдалануу үчүн жырткычтык менен кыйылып жатат . Ал эми адам баласынын турмушунда жашыл бак – дарактар, токой маанилүү ролду ойнойт. Демек биз жаратылышты коргоо менен бирге түрдүү өсүмдүктөрдү өстүрүүгө милдеттүүбүз.



Токойдо да жаныбарлардын жашоосу кандай кыйын болуп калды. Ал эми мунун себеби адам жаратылыш менен гармонияда жашай албай жатат? Бирок адам бир эле жаратылышты эмес, айлана-чөйрөнү гана эмес, өзүнүн организмин да ууландырат.

***Кытайдагы экологиялык катастрофа***



**Физминутка:**

Эс алдыруу мөөнөтү:

Ордубуздан турабыз,

Колубузду сунабыз,

Алгач ирет оң колду,

Андан кийин сол колду.

Чарчаганда токтойбуз,

Баксёрлорго окшойбуз.

**Мугалим:** Атмосферада көмүр кычкыл газы, чаң бөлүкчөлөрү жана металл көп болот. Токойлор жер бетинде фильтр катары кызмат кылат. Биздин алдыбызга өзүнүн эбегейсиз байлыгын ачып, бизге берешендик менен берип, ишенимдүү коргоп, жашообуздун ажырагыс бөлүгү болгон токой аны урматтоого жана кам көрүүгө татыктуубуз. Бирок биз дарактарды кесип жок кылуудабыз.

Эсиңерде болсун! Силер ыргыткан кагаз 2 жылдан ашык, калай банка 30 жылдан ашык, желим баштык 200 жыл, айнек 1000 жыл жерде калат.



Жер биздин үйүбүз, биз ушул жерде жашайбыз, бул сууну ичебиз, ушул абадан дем алабыз. Бул жер бетиндеги бардыгы биз үчүн кымбат болушу керек: Жаратылышка кайдыгерлик кылбашыбыз керек. Токойлор, дарыялар баары коркунучта. Биздин милдет аларды сактап калуу.



Силер азырынча окуучусуңар, чоң маселелерди чече албайсыңар, бирок силер бак отургузсаңар болот, бактарды кароо колуңардан келет, кышкысын канаттууларды жана жаныбарларды баккыла, кумурсканын уюгун бузбай коргогула. Ошондо жаратылыш сага ыраазы болот.

Адам жана жаратылыш – байыркы жана түбөлүктүү тема. Көптөгөн кылымдар жана миңдеген жылдар бою адам жаратылыштан бардыгын алып, анын ордуна эч нерсе бербей, өзү жашаган айлана-чөйрөнү бузуп келген.

Ошого ар бир адам жаратылышты коргоого милдеттүү жана табиятты коргоо иши ар бир адамга тиешелүү. Андыктан 5-июнь айлана-чөйрөнү коргоонун эл аралык күнү.

**Бышыктоо:** "Жер байлыгы - эл байлыгы" деген макалды чечмелеп бергилечи?

1. Балдар табиятка же жаратылышка аяр мамиле жасалбаган учурларды кайсы жерлерден көп кезиктиресиңер, жана аларды коргоо боюнча кандай оюңар бар?
2. Биздин мектептин айланасында кандай дарактар отургузулган жана жазында кандай көчөттөрдү отургузабыз
3. Суу сыйлаган зор болор, суу кордогон кор болор деген макалды турмушта кандай пайдаланабыз?
4. "Канаттуулардын уясын бузуп, балапандарын өлтүрбөгүлө, канаттуулар каргайт"- деген түшүнүккө кандай мамиледесиң?

**Сабактын жыйынтыгы:**

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



**1.** *Жаратылыш жөнүндө эмне айта аласыңар?*
**2.** *"Жер кишинин акысын жебейт" макалды чечмелеп бергиле.*
**3.** *Табиятты коргоонун эл аралык күнү качан белгилейт?*
**4.** *Жаратылышты кандай коргошубуз керек?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**
**Залкар ойлор:**



**1.** "Табият менен таттуу мамиледе бол!"
2. "Суу сыйлаган зор болот, суу кордогон кор болот".
3. "Жаратылыш жан досум".
4. "Табиятты коргоо, курчап турган чөйрөгө сарамжал мамиле кылуу азыр бүткүл дүйнөдө эң маанилүү жана актуалдуу маселе".

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

**Жыйынтыктоо:**

Окуучулардан жогорку суроолорго жооп алгандан кийин мугалим сабакты төмөндөгүдөй жыйынтыктаса болот. Табият менен таттуу мамиледе болуу окуучулардын жан дүйнөсүн тазартып, руханий бийиктикке көтөрүлүп, адам жаратылыштын бир бөлүгү экендигине ишенет.

**Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясынын башчысы**
**Алымбаева Бермет Бекешовна**